НАРМЫРЗАЕВ ЧОТБАЙ


# КЕНЖЕЛЕРДИН ТИЛЕГИ









# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГИМНИ

*Созү: Ж. Садыков, Ш. Кулуев* — *обону: Н. Давлесов, К.Молдобасанов*

Ак мөнгүлүү аска, зоолор талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:*

*Алгалай бер кыргыз эл,*
*Азаттыктын жолунда.*
*Өркүндөй бер өсө бер,*
*Өз тагдырын колунда.*

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигинширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма:*

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиресин эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата-салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

*Кайырма:*

**НАРМЫРЗАЕВ ЧОТБАЙ**

# КЕНЖЕЛЕРДИН ТИЛЕГИ



Жалал-Абад шаары
2009-жыл

Чаткал райондук борбордук китепканасы
Инв. № 113

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
Н 29

Нармырзаев Чотбай
Н 29 Кенжелердин тилеги – ырлар. Жалал-Абад, - 2009, - 28 б.
ISBN 9967 – 23-287-0

*Журналист – акындын бул китебинде ар түрдүү адистикке жетүүнү күткөн мектептердеги кенже окуучуларга, балдар бакчаларына арналган эң кызыктуу, көркөм ыр топтомдору чагылдырылды.*

Н 4803300200-06

УДК 82/821-93
ББК 83. 8

ISBN 9967 – 23-287-0

© Чотбай Нармырзаев, 2009-ж.

**Педагог журналист, жазуучунун мезгилге үндөш чыгармалары**

*Жаратылыш берген талант, жөндөмдүүлүккө карата чыгарма жазуучулардын бир учурда жазып, басмадан чыгарып окурмандарга таратышы табигый көрүнүш жана аны окурмандар окушуп сыймыктуу, келечектүү тарбиялык мааниси терең экендигин баалашып келген.*

*Педагог жазуучу Ч. Нармырзаев 2003-2009-жылга чейинки мезгилдерде: элдердин достугуна арналган «Шаамашириб баяны» поэмасын, коомдун жана калктын тарыхый өнүгүүсү жөнүндө «Чаткал районунун, Терек-Сай аймагынын тарыхын», эмгек батырлары жөнүндө «Ак босого», Батырдын кыраккы балдары» деген көркөм поэзиясын жана көптөгөн публицистикалык көлөмдүү аңгеме, сүрөттөмө очерктерди, 2009-жылы мектептердеги баштапгыч класстардын окуучуларына жана балдар бакчаларына арналган «Кенжелердин тилеги» аттуу көркөм поэзия китебин басмадан чыгарган.*

*Ал жөнүндө облустун айрым билим берүү мекемелеринин жылуу колдоолору төмөнкү маалыматтардан көрүнөт.*

*Бул китеп жөнүндө ЖАМУнун Кыргыз тили жана адабияты, Педагогика, Журналистка факультеттеринин, шаардагы педагогикалык окуу жайынын мугалимдеринин студенттеринин, №4, №5, №17 орто мектептеринин мугалимдеринин жана окуучулар жааматтарынын Чаткал районунун – С. Мырзалиев, Т. Жаналиев, С. Байдөөлөтов атындагы, Башкы-Терек жана Кайың-Суу орто мектептеринин мугалимдери, окуучулары жылуу жактырган жана колдошкон.*

*Ошондой эле Аксы Чаткал элге билим берүү бөлүмдөрүнүн «бул эмгекти көптөгөн нускада чыгарып, облустун мектептериндеги окуучуларынын пайдалануруларына берүүгө болот» деген сунуштары автордун чыгармасына реалдуу баа бергендигин көрсөтөт.*

*«Кенжелердин тилеги» китебинин адабий көркөм маанилерине кызыккан жана өз деңгээлинде баа берген бир нече*


*билим берүүчү мекеме-уюмдар авторду чакырып, кызыктуу жолугушууларды өткөрүшкөн.*

*Мектеп окуучулары күткөн учурда жазылган жаңы чыгарма, билим берүү мекемелеринде өз ордун тапкан десек, буга адилетүү карагандык болуп эсептелет.*

*Педагог авторго чыгармачылык ийгилик, мындан аркы эмгектенүүлөрүндө, жаштарды ата мекенди, элди жерди, коргоого берилген, жогорку билимдүү адистиктерге жетишкен атуулдардан болуп, тарбия таалимдүүлүккө, акыл-эстүү жана толук ыймандуулукка тарбиялоочу жаңы эмгектерди түзүүсүн каалайбыз!*

**Жалал-Абад облустук билим берүүнүн усулдук борборунун төрагасынын орун басары Токонбай Турганбаев**

## ЖЕТИМИШТИН ЧЫНАРЫ



Жыгач уста Сарыбай,
Жетимиш жыл жашады.
Көркөм, кооз көрсөтүп,
Көп буюмду жасады.

Жеген, ичкен кийгени,
Усталыктан болгондо.
Сарыбай болду балалуу.
Жетимишке толгондо.

Аксакалдар жыйналып,
Атын койду баланын.
Аты анын жетимиш,
Кылган эмес чеки иш.

Качан болсо багында,
Кары атанын жанында.
«Уста бол»-дейт Сарыбай,
Ушул күчтүн барында.

Ата үйрөткөн өнөргө,
Жетимиш көндү жетилип.
Терезе, эшик жасашат,
Форточкасын келтирип.

15-январь 1992-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## КИТЕПТЕР БИЗДИН ДОСУБУЗ

(энеси менен баласынын айтышы)



Энеси: Көрүп жүрөм ук уулум,
Көп окуйсуң, көз талбай.
Көчүрүп жаттап, жазганың,
Көңүлдөн чыгар сакталбай.

Баласы: Бек карма эне сөзүмдү,
Бейкутта күткүн өзүңдү.
Аң сезим менен окуймун,
Айткандын болбойт төгүнү.

Энеси: Кичинеңден мен билем,
Китебиң түшпөйт колуңдан.
Жаз жана оку, эсен бол,
Жаңылба күткөн жолуңдан.

Баласы: Үшкүрүп ойлоп сузданбай,
Үмүткө тилек кошуңуз.
Кеңири билим үйрөткөн
Китептер биздин досубуз.

Энеси: Адилет карайм сөзүңө,
Айыпты койдум өзүмө!
Сайрандап сергек өсө бер
Сактайын сени көңүлгө
Ак тилек сага каалаймын,
Акылдуу болуп өсүүгө.

Баласы: Делберип эне кам жебе,
Ден соолук күтөм мен деле.
Жүрөктөн алкыш айтамын,
Жүйөлүү кеңеш бергенге.

Экөөсү: Билимдин бийик чокусун,
Издеген жаштар жаңылбайт.
Билгенден кеңеш үйрөнүп,
Иштеген жаштар жаңылбайт.

18-июль 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## АТАМА УШУЛ БЕЛЕГИМ

Айылдын чыгыш жагында,
Ар түркүн гүлдөр сайында.
Алты жаш балдар ойношту,
Арыктын шок суу шарында.

Ат кулак үзүп бычышты,
Айрышып, кезип тытышты.
Чоң балдар кармап кенжесин,
Чоң сууга ойноп бышышты.

Жапжашыл арык жээгинде,
Айшакан чебер отурат.
Аярлап кыркып жалбырак,
Алдырбай, сактайт чочулап.

Апаңдан кайчы апкелип,
Ат кулак көк тон жасадың,
Ал эмне дегениң?
Айшакан күлүп мындай- дейт.
Атама ушул белегим.

2-июль 1989-ж.
Жаңы-Базар кыштагы.

## КАНАТБЕК «МОЙЛОО» КОЙГОНДО

Ата айтчы, мурутчанды кимдер дейт?
Чоң апамдан сурасам да билбейм дейт.
Канат уулум, бул айтканың ойлор кеп,
Эстеп жүргүн, муруттууну «мойлоо» - дейт.

Ал күн өттү, башка суроо болбоду,
Канат уктап, эрте менен ойгонду.
Ак мурутчан болуп келди заматта,
Ак боёктон өзү жасап койгонбу?

Иничеги Талант сууду куйганда,
Паста эринге жармашыптыр жууганда.
Кадимки эле мурут болуп калыптыр,
Щёткалап тиш тазалап турганда.

Айтты атасы, сен да «мойлоо» болупсуң,
Мурутуңду эми жаңы коюпсуң.
Чоң күзгүдөн Канат өзүн көргөндө,
Экоосу тең каткырышты бул да чын.

3-май 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## КӨЗГӨ ТИЙСЕ НЕ БОЛОТ

Нурчик бала көрөм деп,
Атасынан сурады.
Оңго-солго бурады,
Телевизор кулады.

Айбат кылып атасы,
Аны жаака бир чапты.
Чыңырып ыйлап Нурчиги,
Чатак салып сулк жатты.


Көзү бетин сыйпалап,
Баласын ата сооротот.
Нурчиги сурайт атадан,
А, көзгө тийсе не болот.

5-май 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## БУЛБУЛДУ КАРМА АТАКЕ

Кой, козусун жайнатып,
Короодон чыкты Жамалбек.
Аялга айтты эскертип,
«Кыркымга бүгүн барам»- деп.

Атасын ээрчип калбаган,
Адылбек кошо жөнөдү.
Барбагын десе тил алат,
Бул чатактан бөлөгү.



Ак, кызыл, гүлдөн жыйнады,
Ак кайың сайда баратып.
Кумарын жазат баланын,
Кубулжуп куштар сайрашып.

Балапан көрдүм чоң жардан,
-Басыңыз тездеп шаша дейт.
Бул жерде куштар көп экен,
Булбулду карма ата дейт.

8-июнь 1989-ж.
Жаңы-Базар кыштагы.

# БЕКЕНДИН ТҮЗГӨН ЧАРБАСЫ





Чоподон ийлеп жасаптыр,
Жарашкан жалдуу, күлүк ат.
Уйлары чөпкө баратат,
Короодо койлор жуушашат.





Ак эркеч, козу, койлору,
Арзырлык жасап койгону
Тиктешкен: арстан, жолборстор,
Тирүүдөй жатат комдолуу.



Тогуз жашар Бекендин,
Талантын көрүп баалашты.
Колу элпек, жапжаш чеберге,
Кары жаш, тилек каалашты.

10-июль. 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

# КАНАЛ КАЗДЫ БЕШ БАЛА

Чоңу алардын Жамалбек,
Чогулушту салам деп.
Көксөп баары жүрүшкөн,
Көк жайыкка барам деп.

Көк жайыгы- түз талаа,
Кесет чоң жол түз гана.
Чоң булактан суу буруп,
Чогу иштеди беш бала.

Сурашат Жамалбегинен,
Кетмен, күрөк бар бекен?
Чоң булактан көк түскө,
Канча метр калды экен.

Учетчиги Умарбек,
Угузду мында турам деп.

Үмүттүү оюн билдирди,
Үч күндө сууну бурам деп.

Шайыр мүнөз, шок балдар,
Шерденип иштеп жатышты.
Каналдан суунун акканын,
Кабарлап элге айтышты.

Пайдасыз жаткан бул сууну,
Жүз жылда эч ким бурбаган.
Көк кашка чоң суу жайпады,
Көк жайыкта миң тарам.

Канал бойлоп, бешөөсү,
Катар басып чубашты.
Көк кашка суунун пайдасы,
Кандай деп андан сурашты.

Байырлуу жаңы айылда,
Бактылуу балдар төрөлөт.
Жайыктын бети беш жылда,
Жапжашыл болуп көгөрөт.

3-август 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## ОН ҮЙ КУРДУ ОРУНБЕК

Узата кеткен сызыкты,
Көрсөтөт менин жолум деп.
Ойногон жерге катарлап,
Он үй курду Орунбек.

Бирден көрүп сурасак,
Кандай там деп сынасак.
Мунусу мектеп экен дейт,
Сабакты бүтүп кетем дейт.

Экинчисин сурасак,
Бала бакча ушул дейт.

Балдарга деги сүт бербейт
Ачык айтар учур дейт.

Үчүнчүсүн сурасак,
Бул магазин деп коёт.
Куту толо жүгөрү,
Бирден алып жеп коёт.

Төртүнчүсүн сурасак,
Почта кантор агай дейт
Кагазды кыркып жыйыптыр,
Газет, журнал даяр дейт.

Бешинчисин сурасак,
Бул үй Ларек деди ал.
Алма, өрүк турат бурчунда,
Алардан алып жеди ал.

Бүт көрсөтүп калганын,
Айтат агай таңдагын.
Келишет эми үйлөргө,
Кезектен артта калбагын.

2-июнь 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## АШЫРБАЙ КОЗУ БАККАНДА

Ата – энеси сакманга,
Камынып жөнөп жатканда.
Эне - атага сөз берди,
Эртелеп турам ак таңда.

Сарайы толгон койлорду,
Ашырбай ага койбоду.
Айбанда сергек турат деп,
Акурду мыктап оңдоду.

Айбандын бурчун жылуулап,
Он козуга чөп салды.

Аздырбайын семирсин,
Мурдагыдан көп салды.

Сакмандан келип атасы,
Санаасы тынып кубанды.
Ашырбай козу бакканда,
Он жшар эле убагы.

13-июль 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## ЧЫМДАРДЫ УРУП ТАЛКАЛА

Дем алышта чоң ата,
Кетмен, күрөк чогултту.
Артынан чуркап небере,
Атасына жолукту.

Мен да казам арыкты,
Билип алгам чабышты.
Барам ата, барам деп,
Болбой ыйлап жабышты.

Картошканын арыгын,
Капар каза баштады.
Топурагын тарта албайт,
Жетиде али жаш чагы.

Көрүп турган чоң ата,
Көздүн салды кыйыгын.
Капар түздө отурат,
Ойноп, санап тыйынын.

Жакын келди Капарбек,
Жакшы иштегин ата деп.
Басат, кайра отурат,
Барам балдар жакка деп.

Айтып берчи атаке,
Топурак неге капкара.

Чыкпайт буга картөшкөн,
Чымдарды уруп талкала.

7-май 1989-ж.
Каныш-Кыя кыштагы.

## БАШКАРМА КАТУУ УЯЛДЫ

Балдар ойноп жатканда,
Басып барды башкарма.
Жардамга келген окшойсуз,
Жаңы үй куруп жатканда.

Темирди колдон таштады,
Текебай сөздү баштады.
Окууга чейин бул үйдө,
Ойнотуп жүрөм жаштарды.

Үчөөң бирдей азамат,
Үч там куруп коюпсуң.
Чекседеги чоң тамдын,
Аты кандай болунсун.

Бала бакча ушул деп,
Болжоп аны койгонбуз.
Балдардын жайын ойлонбой,
Эскиче эле бойдонсуз.

Тактай, шифер бериң деп,
Текебай сүйлөп суранды.
Балдардын айткан сөзүнө,
Башкарма катуу уялды.

2-июнь 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## ТӨРӨБЕКТИН ТӨРКҮ ҮЙҮ

Таштөгү жашыл майданда,
Төрөбек жүрдү кой жайып.
Караойго койду жуумшатып,
Кайрымак салды, тор жайып.

Төрт инисин Төрөбек,
Меймандайм деп ойлоду.
Чозулуп тору шар суугa,
Чоң балык түшпөй койгону.

Жапжашыл чөптү тегиздеп,
Дастаркон деп оңдоду.
Ак, Кызыл ташты жыйнашып,
Алма, өрүк кылып ойноду.

Таш казан ойноп күлдүргөн,
Тамагы анын бүлдүркөн.
Кишибиз дешти кобурап,
Кирпиктүү көзү жүлжүйгөн.

Төртөөн тең деди Төрөбек,
Төркү үйүмө келгиле.
Таратты үчтөн конфетти,
Тамагым таттуу жегиле.

5-июнь 1989-ж.
Каныш-Кыя кыштагы.

## «КАБЫЛАН» ЖЕТЕЛЕГЕН БАЛА

Жакшы бала Апсатар,
Жаш күчүк алып багышкан.
Жылуулап жатар орунун,
Жакшы ат ойлоп табышкан.

Мурда багып чоңойткон,
Акжол, Тайбас, Кумайык.
Жоготуп таппай аларды,
Апсатар жүргөн уялып.



Ашымдан сурап бир күнү,
Апкелди күчүк көтөрүп.
Талаага барса эрчитет,
Таштабай эми көшөрүп.

Атасы чыкса тоологго,
Ал дагы жөнөйт ашыгып.
Кай жакка барса жанында,
Кабыланы элпек машыгып.

Кыдырып жортот талаада,
Кылычтай курчуп тиштери.
Күз болсо түлкү алдырат,
Күрүч аш болду ичкени.

9-июнь 1989-ж.
Каныш-Кыя кыштагы.

## АСАНБЕКТИН «КРАЗЫ»

Үйүндө сегиз небере,
Үмүттүү карайт чоң эне.
Чогулуп калса чырлашат,
Чоң уулу калат жемеге.



Бирине сатып топ алат,
Беркилерге сок алат.
Айылга кетсе жетөөсү,
Асанбек үйдө жол карайт.

Айылдан кайтып байкаса,
Асанбек капа кыязы.
«Айдагын» - деди чоң эне,
Апкелдим сага «кразды».

5-май 1983-ж.
Айгыр-Жал кыштагы.

## МУСАНЫН «КАЛЕНДАРЫ»

Күн эсебин жүргүзүп,
Муса буурчак жыйнады.
Алып таштайм бирден деп,
Он эки топко жайды аны.

Жыл башынан жаңылбай,
Бирден бурчак ыргытат.
Токтобой өтүп, күн айлар,
Тобу азайып баратат.

Жыл аягы декабрь,
Карады тобун кайрадан.
Он эки ай толук бүткөндө,
Бир да бурчак калбаган.

Ушинтип Муса жүргүздү,
Утурлап күндүк эсепти.
Жактырып элдер айтышты,
Жыл календарь десекби?

25-ноябрь 1985-ж.

## ЖЕТИЛГЕН ТАЛАНТ

Ак матага тартылган,
Айбандар, түркүн жырткычтар.
Даракка тирүү конгондой,
Талаада жүргөн көп куштар.

Өсүмдүктөн сансыз көп,
Көрк берип турат түрдүү чөп.
Арашан жыттуу гүлдөр бар,
Кыпкызыл, жашыл, сары, көк.

Канаттуу куштан далай бар,
Даракка конгон жаныбар.
Karatat кызык элестүү,
Карасы бар, агы бар.

Он бир жашар Мирбектин,
Кистасы түзгөн чарба дейт.
Ышкыбоз болсоң үйрөнүп,
Мирбектен артта калба дейт.

7-ноябрь 1989-ж.
Айгыр-Жал кыштагы

## МУГАЛИМ БОЛУУ МАКСАТЫ

Чакырган күнү мектепке,
Ата-энелер чогулган.

Асылбек калбай жүгүрдү,
Атасынын соңунан.

Алты жашар Асылбек,
Апага элпек «азыр»- деп.
Жоругу окшош өзүнө,
Жолдошу анын Пазылбек.

Пазылбек келип балдарга,
Космоско жетип коном дейт.
Алиппе ачып Асылбек,
Мен мугалим болом дейт.

Чоң Ак-Ташка чиймелеп,
«А», «Б» тамга жаза алган.
Ошондон бери Асылбек,
Агай болуп аталган.

9-июнь 1989-ж.
Жаңы-Базар кыштагы

## ЭГИЗДЕР ЖАНА ЧОҢ ЭНЕ

Коомдун ишин аткарат,
Кош бойлуудан бөлөгү.
Эрте таңда Айжамал,
Эгиз уул төрөдү.

Эгиздерге сүйүнчү,
Эжелер сиңди беришти.
Аларды көрүп куттуктап,
Айылдаш, тааныш келишти.

Үмүттүү жаркын түгөйлөр,
Үч жашка чыкты чоңойду.
Бешене сылап сүйбөсө,
Башкага бала жолойбу.

Чоң энеге жакындап,
Чогу барат жарышып.
Түйшүгү күчөп тынышпай,
Түртүшүп жүрөт кагышып.



Чаткал районунун борбордук китепканасы
Инв. № 113

Менин энем, сен кет деп,
Чоң энени талашат.
Жетелеп сактап жүргөндө,
Жылмайып сүйүп карашат.

Чоң эне айтат аларга:
Жаңжалды балдар сүйбөймүн.
Асан – Үсөн неберем,
Экөөңө тең бирдеймин.

Эрке эгиздер бөлүнбөй,
Эне жытын жыттאשат.
Көпөлөк кармап бербес.
Көтөрчү деп кысташат.

Жатса турса сак карайт,
Жалындай жанган шамдарын.
Жакшы көрөт чоң эне,
Жаз гүлүндөй балдарын.

9-май 1989-ж.
Каныш-Кыя кыштагы.

## КОСМОНАВТ БОЛСОМ АТАКЕ

Учкуч деген учабы,
Абаны жиреп бузабы.
Кыйналбай көккө жетет дейт,
Кыскарып жолдун узагы.

Космонавт деген учабы,
Космосту жиреп бузабы.
Жылдызга чейин жетет дейт,
Жок болуп жолдун узагы.




Асманга учуу баатырдык,
Адилет бааны берели.

Ай, жылдызга жеткендер,
Аман, эсен кел эми!

Космоско учуп мен дагы,
Космонавт болсом атаке.
Азыркы өскөн коомдо,
Алга деп сен да бас аке.

31-декабрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## КОМПЬЮТЕРДИ ҮЙРӨНСӨМ...

Коюлган стол үстүнө,
Компьютер карап үйрөнсөм.
Түптүз карап отуруп,
Түрдүү укмуш гүл көрсөм.

Дүйнөдө болгон кабарды,
Күн сайын угуп тыңшасам.
Үлгүлүү артист ырларын,
Үйрөнүп алып ырдасам.



Жакшылык жактан баянды,
Жаттап элге таратсам.
Телесиз жаңы кабарды,
Укмак элек каяктан.

Телевизор азыркы,
Доордун талбас жарчысы.
Жалкоо менен бузуктун,
Жонуна тийер камчысы.

Компьютерди үйрөнсөм
Көп нерсени билемин,
Апасына эркелеп
Акылбек айтты тилегин.

12-декабрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## ОКУСАМ КИЙИН ЖЫРГАЙМБЫ?

Жалгыз уйду сатсак да,
Шаарга барып окуюн.
Биле албайбыз атаке,
Болор иштин кокуюн.

Андай уйдан алтоосу,
Сатылат окуу бүткөнчө.
Албай билим койсомбу,
Атама оор жүк келсе.

Оор жүккө биз чыдап,
Окусам кийин жыргаймбы?
Кызматка пара сурайт дейт,
Көрбөгөн элем мындайды.

Андан көрө атама,
Жардамчы болуп жүрөйүн,
Ашыркул капа деп айтса,
Азбасын жапжаш үрөйүм.

2-ноябрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## ТОК ЭЛЕ

Турдахун, Искак аталар,
Эл башкарган деп уккам.
Толо болуп кампасы,
Ток эле элдер деп уккам.

Ток болгон ошол күндөрдү,
Топтуу эл билсин жаз аке.
Керемет менен айтыңчы,
Келер күн кандай атаке.

Келер күн кандай болорун,
Кеменгер, билгич айта алат.
Эмики элге береке,
Эмгектен болот кайталап.

Мойтоңдоп кубан Жанибек,
Молчулукту сен күзөп.
Тозбой, азбай тынч болсун,
Токчулукту эл түзөт.

15-декабрь 2005-ж.
Жалал-Абад шаары.

## ДЫЙКАН БОЛОМ ЧОҢОЙСОМ

Дан базарга көп чыгат,
Катар-катар кап турат.
Атам менен көргөнмүн,
Алармандар алып турат.

Кичинемде базарда,
Килосу эки сом эле.
Ара – торо көрөмүн,
Арзандабайт деги эле.

Сезсем буудай базарда,
Сегиз сомдон кем эмес.
Мен да ата ойлоном,
Мурдагы жылга тең эмес.

Ундарды айтсам он беш сом,
«Ой бойлоп»- алат аларман.
Жашылча болсо эң кымбат,
Жаштарды ойлоп аярлайм.

Калкыбыз кейип ойлонот,
Кай жерге барса тоёрун.
Мээрман болуп айлыма,
Мен өссөм дыйкан боломун.

20-январь 2005-ж.
Жалал-Абад шаары.

## ГҮЛДӨСҮН БАЗАР ГҮЛДӨСҮН

Кандай заман болсо да,
Өз өкүмүн чыгарат.
Базарга указ жазганда,
Колдоду көптөр «ураалап».

Азыркы элдин турмушу,
Ар түрдүү болуп баратат.
Түзүлгөн шарттуу базар бар,
Түн бою иштейт, таң атат.

Бир жерде азык сатылат,
Бир жерде товар сатылат.
Жарыйсың соода ишинен,
Жакшылап үйрөн, жакшылап.

Бир жерде буюм жасалат,
Бир жерде алтын каза алат.
Бааны арзан кылганды,
Бирөөлөр коёт жазалап.

Көйгөйлүү болуп бул кезде,
Кыргыздар кыйын күндөсүң.
Күн өтүп, жакшы күн келер…
Гүлдөсүн базар, гүлдөсүн.

29-декабрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## ГУБЕРНАТОР КАНДАЙ ЧОҢ

Агай кээде бизге айтат,
Губернатор келатат.
Ушул аке кандай деп,
Уктабай, ойлойм таң атат.

Азаматсың Кутберди,
Айтканыңан кут келди.
Жалал-Абад аймакта,
Ал башкарат бүт элди.

## ГҮЛДӨСҮН БАЗАР ГҮЛДӨСҮН

Кандай заман болсо да,
Өз өкүмүн чыгарат.
Базарга указ жазганда,
Колдоду көптөр «ураалап».

Азыркы элдин турмушу,
Ар түрдүү болуп баратат.
Түзүлгөн шарттуу базар бар,
Түн бою иштейт, таң атат.

Бир жерде азык сатылат,
Бир жерде товар сатылат.
Жарыйсың соода ишинен,
Жакшылап үйрөн, жакшылап.

Бир жерде буюм жасалат,
Бир жерде алтын каза алат.
Бааны арзан кылганды,
Бирөөлөр коёт жазалап.

Көйгөйлүү болуп бул кезде,
Кыргыздар кыйын күндөсүң.
Күн өтүп, жакшы күн келер…
Гүлдөсүн базар, гүлдөсүн.

29-декабрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## ГУБЕРНАТОР КАНДАЙ ЧОҢ

Агай кээде бизге айтат,
Губернатор келатат.
Ушул аке кандай деп,
Уктабай, ойлойм таң атат.

Азаматсың Кутберди,
Айтканыңан кут келди.
Жалал-Абад аймакта,
Ал башкарат бүт элди.

## АКИМ ДЕГЕН КИМ АТА?

Аким, аким деп айтат,
Акимди элдер көп айтат.
Анын кандай экенин,
Айтыңчы ата сиз байкап.

А, а, балам, жашсың да,
Акылың азыр азгына.
Качан болсо акимдер,
Камкордук көрөт калкына.

Аким кайдан келди ал,
Бизге эмне берди ал.
Койчу эжемде байлык жок,
Колунда анын эмне бар.

Адамдын теңи жакырлар,
Ак иште деп айтат ал.
Кошулба дешет терс ишке,
Колдорунда өкүм бар.

8-январь 2005-ж.
Жалал-Абад шаары.


## УКМУШТУН БААРЫН КӨЗ КӨРДҮ

Азыркы доорду биз көрдүк,
Ааламга билим жайылды.
Акыйкаттуу сөз айтсак,
Айга да ак туу сайылды.



Бүгүнкү доорду биз айтсак,
Бүт элге билим жайылды.
Мактоолор эмес, бул чындык.
Марска да туулар сайылды.

Жылдызга туулар жеткени,
Билимдин бийик өскөнү.
Улуу иштер жаралып,
Укмуштун баарын көз көрдү.



Эмики өскөн урпактын,
Эч арманы болбоду.
Ааламга жеткен илимди,
Азыркы коом колдоду.

12-Декабрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## СОТТОР КАНДАЙ ИШ КЫЛАТ

Соттор, соттор дегенди,
Кары да, жаш да айтышат.
Андайды угат кулагым,
Алар кандай иш кылат?

Оку, оку көп оку,
Ой сезимиң жетилет.
Соттун кандай экенин,
Адил киши көп билет.

Эл ичинен арыбайт,
Эмгексиз митаам адамдар.
Түркөй эки жүздүүнү,
Түз жолго салар мыйзам бар.

Жаман жүргөн адамга,
Жаза берет ошол сот.
Кара ниеттер жок болсо,
Калк арасы тынч болот.

2-январь 2005-ж.
Жалал-Абад шаары.

**КАЙРАТ КЫЛ, ДОСТОР, КАЙРАТ КЫЛ!**

(26-декабрь 2004 – жылдагы жер титирөөдөн жабырланган Индонезиялык жаштарга).

Кудайдан болду алаамат,
Теңирге тооба кылгыла.
Кайрадан үйлөр курулат,
Кары, жаш дебей жыйгыла.

Бошогон менен пайда жок,
Бек болгун, башка айла жок.
Жаңы үйлөрдү кура бер,
Жалындап күйөт кайра от.

Жаш достор, жашты төкпөгүн,
Жабыркап ойлоп чөкпөгүн.
Дүбүртүң иштен угулар…
Дүйнөгө тарап өрнөгүң.

Кайраттан достор эмгекке,
Калбайсың анда сен жеке.
Самолет, корабль барышат,
«Гумпомощь» жардам бермекке.

Табият күчтүн сыры көп,
Таалим, таазим кыла бер.
Бардык эл сабыр күткүлө,
Көтөрөт жүктү кара жер.

28-декабрь 2004-ж.
Жалал-Абад шаары.

## МАЗМУНУ

Жетимиштин чынары............ ........................ 5
Китептер биздин досубуз................................. 5
Атама ушул белегим........................................ 6
Канатбек мойлоо койгондо.............................. 7
Көзгө тийсе не болот....................................... 8
Булбулду карма атаке...................................... 8
Бекендин түзгөн чарбасы............................... 9
Канал казды беш бала..................................... 9
Он үй курду Орунбек....................................... 10
Ашырбай козу бакканда.................................. 11
Чымдарды уруп талкала.................................. 12
Башкарма катуу уялды.................................... 13
Төрөбектин төркү үйү...................................... 13
«Кабылан» жетелеген бала............................. 14
Асанбектин «Кразы»......................................... 15
Мусанын «Календары»..................................... 15
Жетилген талант................................................ 16
Мугалим болуу максаты.................................... 16
Эгиздер жана чоң эне....................................... 17
Космонавт болсом атаке.................................. 18
Компьютерди үйрөнсөм.................................. 19
Окусам кийин жыргаймбы? ............................ 20
Ток эле................................................................ 20
Дыйкан болом чоңойсом.................................. 21
Гүлдөсүн базар гүлдөсүн................................ 22
Губернатор кандай чоң................................... 22
Колдон келген береке...................................... 23
Аким деген ким ата?....................................... 24
Укмуштун баарын көз көрдү............................ 24
Соттор кандай иш кылат.................................. 25
Кайрат кыл, достор, кайрат кыл....................... 26

**Нармырзаев Чотбай**

**КЕНЖЕЛЕРДИН ТИЛЕГИ**

Редактор: Кутболсун Нармырзаев
Корректор: Гүлзада Алмазбекова
Компьютерде тексти терген: Кыдыров Бектур
Сүрөттөрү: Кожон Дарбановдуку

Терүүгө 22-май 2009-жылы берилди
Басууга 20-июнь 2009-жылы кол коюлду

Форматы: 60х84 1/16, Көлөмү 2 б.т.
Нускасы: 500 даана
Офсеттик кагазга басылды
Заказ №12

Келишимдик баада

Автордун макулдугусуз басууга
автордук укук мыйзамы жол бербейт

---

ЖИ Ибрагим Исаков басмаканасында басылды